**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**АКАДЕМИК У.АСАНАЛИЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ТОО-КЕН МЕТАЛЛУРГИЯЛЫК ИНСТИТУТУ**

## ТОО-КЕН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КОЛЛЕДЖИ

# 21-февраль Эл аралык эне тил күнүнө карата өткөрүлгөн иш чаранын отчету

**Уюштурган: ТКТКнин кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана англис тили боюнча окутуучулар жамааты**

Бишкек-2023

# “ТИЛ – БИРИМДИКТИН, ЫНТЫМАКТЫН КӨПҮРӨСҮ”

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Мыйзамын ишке ашыруу, Бириккен Улуттар Уюмунун жана ЮНЕСКОнун чечиминин негизинде Кыргызстанда жашаган улуттардын ынтымагын бекемдөө, алардын эне тилин, маданиятын жайылтуу максатында КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бир айлык жарыяланган.

Тоо-кен технологиялык колледждин эмгек жамааты жана студенттери ошол иш чараны утурлай тилдин маанилүүлүгү, коомдогу орду туурасында ойлорубузду ортого салып, башка тилдерде ыр окуп, сүйлөшөлү деп максатта 2023-жылдын 06-мартында окуу жайыбыздын китепканасында **“Тил – биримдиктин, ынтымактын көпүрөсү”** деген аталышта адабий – музыкалуу жанр коштогон талкуу –дебат өткөрүлдү.

Алгач студенттерге, көрөрмандарга бул күндүн Бүткүл дүйнөлүк тил күнү болуп белгиленип калыш тарыхына бир аз токтолдук:

***1952-жылы 21-февраль күнү Бангладеш*** өлкөсүнүн борборунда жаштар эне тилинин Мамлекеттик тил статусун алуусун талап кылып, митинге чыгышып, күч органдарынын огунан студенттер өлүмгө учураган. Бул окуяны эскерүү максатында, эне тил ар улуттун байлыгы экенин унутпоо үчүн ЮНЕСКО бул күндү белгилеген. ***1999-жылы 17-ноябрда ЮНЕСКОнун Генералдык*** конференциясы тарабынан жарыяланган ***21-февраль “Эл аралык Эне тил күнү”*** жыл сайын 2000-жылдан бери тил жана маданият түрдүүлүгүнө жана көп тилдүүлүккө көмөк көрсөтүү максатында белгиленип келет.

Кыргыз ССРинин Жогорку Совети тарабынан 1989-жылы 23-сентябрда “Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзам кабыл алынып, андан сон кыргыз тилине мамлекеттик тил макамы берилген. Бул мыйзам 2004-жылы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан жаңыланып, анда кыргыз тили мамлекеттик тил, ал эми орус тили расмий тил деп жарыяланган.

Тил – улуттун байлыгы. Мамлекеттүүлүктүн бирден бир белгиси бул анын тили. Кыргыз тили аябагандай бай тил. Бул тилде дүйнөдө жок улуу эпос “Манас” айтылган тил. Бул тилде “алдей” ыры ырдалып Эне сүтү менен наристеге өткөн тил. “Алдей” ырынан башталган дүйнө таануу, сөз сүйлөө, тил үйрөнүү сыяктуу процесстер улутка, динге, расага карабай Эне сүтү аркылуу берилет, ошол себептен ЭНЕ тили деп айтылат.



Тоо-кен технологиялык колледжинин 1-2- курсунун студенттеринин жана окутуучулар жамаатынын катышуусунда кезинде Чыңгыз Айтматов атабыз айтып кеткен “Кыргыз рухунун туу чокусу” болгон “Манас” эпосунан үзүндү айтылып, жүрөк кылын термеген комуз күүлөрү чертилип, ар тилде ырлар айтылды.






Азаматов Уларбек “Манас” эпосунан үзүндү айтып жаткан учуру.

Улуу “Манас” эпосунан соң,  кыргыз, орус жана англис тилдеринде көркөм ыр саптары айтылды жана студенттерден ырлардын маанилери тууралуу аңгемелешүү жүргүзүлдү.



А.С.Пушкиндин **“Евгений Онегин” романынан**  Евгений Онегин менен Татьяна Ларинанын диалогунан үзүндү Алтынай менен Адильхандын аткаруусунда.



Жолдошбек уулу Самат комуздун коштоосунда ыр аткарууда




**О.Генри. “Пока машина ждёт” чыгармасынан диалог**.
ОПИк- ГФк-9-22 гр.студенттери Осмонов Эрназар менен Өзгөнбаев Уландын аткаруусунда

***Тил тууралуу цитаталар айтылды***.

- ✓ Элдин тилин кадырлабаган адам, элдин өзүн да кадырлабайт. Б.Юнусалиев
- ✓ Тил адам рухунун түпкү теги, суу ичкен булагы. К.Карасаев
- ✓ Элди түбөлүк эл кылып турган анын тили. Ар бир тил өз элине улуу. Анын тазалыгын сактап, байлыгына байлык кошуубуз керек. Ч.Айтматов
- ✓ Ар бир элдин тили –ошол нечен кылымдык акылынан жаралган кымбат мурасы. Ч.Айтматов
- ✓ Язык есть исповедь народа, его душа и быть родной.   П.А. Вяземский
- ✓ Родной язык –твоя душа, твой мир, твой луч, люби его за то, что он могуч
- ✓ Язык –это история народа. Язык –это путь цивилизации и культуры. А.Куприн
- ✓ To have another language is to possess a second soul.  Charlemagne
- ✓ Man invented language to satisfy his deep need to complain. Lily Tomlin



Сүйүндүк уулу Бакыт гитара менен ырдоодо

II-бөлүк. Талкуу – дебат түрүндө өтүп, мында 2-курсттун студенттеринен турган 4 команда түзүлүп, топ башыларын аныктап, ат коюшуп, өзүлөрүн орус, англис тилдеринде тааныштырышты.



Андан соң ортого 2 чоң суроо ташталды жана ал суроолорго топтор өз

ойлорун далилдүү кылып жооп беришти, отургандардан кошумча – алымчалар менен ой- пикирлер толукталды.

1-тапшырма:**Азыркы мезгилдеги көп тилдүүлүктүн маанилүүлүгү эмнеде?**

2-тапшырма: **Канткенде мамлекеттик тилди жогорку деңгээлде өнүктүрө алабыз?**




Топ иштегенче  Сүйүндүк уулу Бакыт гитарада ойноп берип жаткан учурунан








Топтогулар өз пикирлерин коргоп жаткан учурдан




ТИЛ – БИРИМ




ТИЛ – БИРИМДИКТИН, ЫНТЫМАКТЫН КӨПҮРӨСҮ
Кыргыз тилим–






Топтордун  талкуусу кызуу жүрүүдө

Ойлорун ортого салып, талкуулашып, суроо –жооптор жүргүзүлдү.
9. Тил, Мекен темасындагы көркөм ырлардан отургандардан көркөм окулду.
10. Кыргыз, орус жана англис сөздүктөрүндөгү сөздөрдүн маанилери, котормолору боюнча студенттер менен аңгемелешүү жүргүзүлдү.



11. Жетекчилердин, окутуучулардын сөзү.

Колледждин директору М.У.Аракеев сөз сүйлөп, тилдин адам баласынын жашоосундагы маанилүүлүгү туурасында айтып өтүп, келечек муун өкүлдөрү болгон студенттерди көп тил билүүгө чакырды.

Колледждин директорунун орун басары К.М.Ташполотов, жетектөөчү адис В.Ш.Исабекова, кыргыз тили мугалими Ж.Т.Орозова, англис тили мугалими Э.К.Казакова сөз сүйлөшүп, студенттерибиздин активдүүлүгүн, Эне тил маселесине келгендеги патриоттук сезимдеринин күчтүүлүгүнө, мындай демдүү уул-кыздарыбыз турганда Эне тилибиз жоголбой, сакталарына ишеним арта тургандарын белгилеп өтүштү. Өз эне тилибизди жогору коюу менен катар бүгүнкү күндүн талабы менен башка бир катар тилдерди да үйрөнүүгө чакырып өтүштү, анткени кошумча тил билүү адам үчүн өзгөчө артыкчылык экендигин студенттерге белгилеп кетишти.




Колледждин директору М.У.Аракеев сөз сүйлөөдө.

10. Жыйынтык

2003-жылдын 21-февралында ЮНЕСКОнун Генералдык директору К.Мацуура Эл аралык эне тил күнүнө мындай деп айткан экен: “Эмнеге эне тилге ушунча көңүл бөлүнүп жатат? Анткени, тилдер адам баласынын ар түрдүү чыгармачылыгынын кайталангыс сүрөттөлүшүн түзөт. Баарлашуу, кабыл алуу жана ойлонуу аспабы катары тил дагы биз дүйнөнү кантип көрүп жана кечээки, бүгүнкү, эртеңки менен болгон байланышты сүрөттөп турат. Тилдер – кокус кезигишүүлөрдүн изин, ар кандай булактардан байыган ар бир өзүнүн тарыхына таандык маалыматты алып жүрөт...”

Демек, ар бир мамлекет, улут үчүн биринчи орунда эне тили туруусу зарыл. Ар бир жаран өз өлкөсүндө ЭНЕ тилинде гана сүйлөсө тилдин жоголбой тургандыгына ишеним чоң. Ошону менен катар бүгүнкү ааламдашуу мезгилинде цивилизациядан, жаңы технологиядан артта калбай башка бир катар тилдерди үйрөнүүбүз дагы мезгил талабы.